# ымуркайынан даштан

## КЫЗ КҮТКӨН АТА-ЭНЕ

«Уул болобу, кыз болобу өмүрү менен болсун» деген кыргыз. Ошондо да кыз балалуу болууну самап, күткөндөр болгон. Жакшы көргөн кийимин, зер буюмун кыздуу болсом деп ырым кылып катып, ак таңынан туруп боюн аруулап, көккө алакан жайып жараткандан кыз тилеген. Жерге таазим кылып мээримдүү-жароокер болсун деп, сууга таазим этип аруу, таза болсун деп, айга таазим этип ажары айдай сулуу болсун деп, күнгө багып чырайы күндөй нурдуу болсун деп, тоо-токойго таазим этип чачы кундуздай төгүлүп турсун деп, жылдызга таазим этип ажары жылдыздай көрүнүп турган кыз берсин деп жалынган. Ал тилеги ишке ашып кызартып кыз тапкан эне, аны аздектеп баккан.

## ЫМЫРКАЙЫНАН БАШТАП

Кызы бар ар бир ата-эне кызын төргө отургузуп, кийимин көрктүү кийгизип (башынан бутуна чейин), ашын кынаптап ичкизип, эркелетип, эрки бекем кылууга аракет кылып чоңойтушкан. Ашыра эт албасын деп, кынаптап аш ичкизип, сөөгү таза болсун деп күмүш идиштен суу берген. Кыз баланын табияты эмнеге шыктуу болсо ошону менен алек болушуна шарт жараткан. Айталы, күлүк минип жаа тартканга ыктуу болсо жоокердик өнөргө машыктырган. Кыз баланы кысып, эркин сындырган эмес. Байыркы заманда болоттой курч, эр мүнөз тукум уланышы ар бир кыргызга маанилүү эле. Андай тукум бүжүрөп бетин каткан кыздардан эмес, көзгө тик багып, оюн айткан өтүмдүүлөрдөн төрөлмөгү шексиз. Анткен менен ириде кыз баланын табиятын эске алып, ийкемдүүлүккө тарбиялаган жана жашына жараша ар тараптуу оюндарды, өнөрлөрдү жана үй-оокат иштерине үйрөткөн.

**Ымыркай кезиндеги ырымдар**

А деп жарык дүйнөгө келгенде (киндигин кесип, бууп, жууп, ороп) энесинин чачы менен окшутуп (айрым балдар чарайнасын жутуп алган) сары май менен оозанткан.

Алыс-жакынга сүйүнчү айткан. Кыз бала мурда-кийин ардан багыдай ажайып, уккулуктуу, чулу ат коюшкан, койдуртушкан. Кан чыгарып элден баш амандыгын тилеп бата алышкан. Чилде сактап баланын кыркы чыккыча көпчүлүккө көрсөтпөй аярлашкан. Оозунда сөзү бар, элге барктуу кишиге ырымдап чачын алдырышкан. Кырк үйдөн кездеме суратып, курап көйнөк жасап, кырк токочун бышырып кырк кашык суу менен жууп кыркын чыгарышкан. Таенеси жентек жасап, бешик алып келген. Көп жашаган, көптү билген, каада күтүнүп касиет карманган байбичелерди чакырып тойчук жасап бешикти аластап, жип шуу, оймок, топчу, уз-устанын буюмдары сындуу жети түр буюм менен ырымдашып бөлөшкөн. Тынч уйку берсин деп уйкусу жакшы кишилердин кийимин жабышкан, ага кошуп чоң ата, чоң энесинин, ата-энесинин күрмөлөрүн кошуп жети түр жабуу жабышкан. Там-туң басканда тушоосун кесишкен. Өмүрдүн ак-карасына тең болсун деп тушарындагы ак-кара жипти тагдырдын сыноосунан тайгылбай өтсүн, арышы кенен шыр болсун, акыбети белен чын болсун деп жөө күлүк, шамдагай балага кестиришкен (Айрым маалыматтарда чечтиришкен). 2-5 жаш аралыгында кулагын көзөтүп, кичинекей илмек тагышкан.

# Баталар

**Оозантуу Батасы**
Оо! Жараткан кудайым!
Оозуңа май салып турган
Умайым.
Алты куйрук ашагын,
Алтымыш аша жашагын.
Жети куйрук ашагын,
Жетимиш аша жашагын.
Ажары ачык, маңдайлуу бол!
Асылзаада таалайлуу бол!
Оомийин!

**Кыркын чыгаруу батасы**
«Кырк» атаңдын жөрөлгөсү,
Ата–энеңдин өбөлгөсү.
Кырк уруу кыргыз ичкен суу,
Кырк атабыз кечкен суу.
Кырк ашууну ашкан суу,
Кырк томолонуп келген суу.
Кыр таштарды кырккан суу,
Кызыр атам таткан суу.
Суудай таза бол,
Нурдай сулуу бол.

**Ат (ысым) койуу батасы**
Оо, Жаратканым!
Асман аалам уккула,
Асман даанам уккула!
Элим, жер суу уккула,
Тегим, жер суу уккула!
Суйунчу, суйунчу, суйунчу.
Кыздуу  болдум кубандым,
кыздуу болдум кубандым.
Атын койом кызымдын,
Атын койом кызымдын.
Айкан болуп жаңырсын,
Аайкан болуп жаңырсын.
Кыргызыма нур болсун,
Жолу ачык шыр болсун.
Өмүр берип кут кылып,
Багыбызга туш кылып
Бергениңе жараткан
Ыраазыбыз!
Эгем Тенир жалганыз,
Эгем Тенир жалганыз!
Оомийин.

**Тушоо кесүү батасы**
Ак-карадан чалынбай
Арышың так болсун!
Тагдыр жолуң шыр болуп
Башыңа бак консун!
Оомийин!



# Баталар



**Бешикке салгандагы бата**
Бешик энең бек кармасын
Умай энең алдейлесин!
Уйкуң тынч болсун!
Жаның бек болсун!
Оомийин!

# Ырлар

**Кас-кас ыры**

Тай–тай бөбөк, тай бөбөк,
Алды–артыңа май бөбөк.
Каз–каз бөбөк, каз бөбөк,
Жалкоолонбой бас, бөбөк.
Оомат бизде бек болсо,
Оң бутуңду көтөргүн.
Башкага оосо ак сүйлөп,
Сол бутуңду көтөргүн.
Оомат бизде турбайбы,
Оң жак бутун көтөрдү.

**Тай-тай ыры**

Тай–тай балам, тай балам,
Талпына гой, баса гой,
Шилте дагы бир кадам,
Бир кадамды аша гой.
Тай–тай балам, тай балам,
Тартынбагын жүрө бер.
Бешигиң калды коштошуп,
Чырпыктан атты мине бер.
Көтөрүп улам бутуңду,
Татынакай баскының,
Баскан жолуң оң болсун.
Жараткан сени колдосун.

**Сал билек**

Алдей, алдей ак бөбөк,
Ак боз жорго мал белек,
Алдей–алдей ак бөбөк,
Айран, кымыз ич бөбөк!
Сал–сал билек, сал билек,
Сары майга мал билек,
Коён эки кош билек,
Кошуп алган ак бөбөк,
Ак бешикке жат бөбөк,
Кунан койду сой бөбөк,
Куйругуна той бөбөк!

**Таруу кууру, буудай кууру**

Таруу кууру, буудай кууру,
Жөжөңдү бак, чыпалакты жап.
Таруу кууру, буудай кууру,
Күчүгүңдү бак, аты жокту жап.
Таруу кууру, буудай кууру,
Мышыгыңды бак, ортонуңду жап.
Таруу кууру, буудай кууру,
Музооңду бак, сөөмөйүңдү жап.
Таруу кууру, буудай кууру,
Козуңду бак, башбармакты жап.
Шап!
–Кыты, кыты, кытыгы...
Төшүңө жетейин,
Алкымыңа жетейин,
Айланып кетейин.
–Кыты, кыты, кытыгы.